КАТТАР
МАРАФОНУ

AMNESTY
INTERNATIONAL






# “Бардык үндөрдү жеткизүү үчүн мен журналист болдум”

**Наргиз Абсаламова**

Азербайжан

# НАРГИЗ АБСАЛАМОВА





**Азербайжан**

27 жаштагы Наргиз үчүн журналист болуу анын кыялы жана карапайым элдин үнүн жеткизүүнүн жолу болгон.

Бирок Азербайжанда бул коркунучтуу кыял. Журналисттер адам укуктары жана сөз эркиндиги үчүн күрөштүн алдыңкы сабында турушат - ал эми ачык сүйлөө чоң коркунучтар менен коштолот. Наргиз жаш жана кыз болгондуктан журналист болуу ага оңой болгон жок. Ал тургай бир нече үй-бүлө мүчөлөрү анын бул кесипти  тандашына каршы чыгышты.

Өлкөдөгү бирден-бир көз карандысыз медиа булагы Abzas Media'да иштеп жатып, Наргиз коррупция, адилетсиздик, аялдардын укуктары жана экологиялык нааразычылык акциялары тууралуу материалдарды даярдаган. Бирок мунун баасы оор болду: ал ур-токмокко кабылып, камакка алынды. 2023-жылдын декабрь айында аны жасалма айыптар менен кармап, аткезчиликке айыпташкан. Ушундай эле айыптоолорго ондогон башка журналисттер да туш болууда.

"Камалгандан бери тынчызданам: канчалаган адамдардын укуктары бузулуп, менин номериме чалып, бирок байланыша албай жатышат" - дейт Наргиз түрмөдөн.

Акыркы эки жыл ичинде журналисттик ишмердиги үчүн камакка алынган айымдардын саны көбөйдү. 2025-жылдын июнь айында Наргиз алты кесиптеши менен бирге сегиз жылга эркинен ажыратылды. Нааразычылык иретинде ал жана дагы эки аялга өкүм окулуп жатканда сотко далысын салып турушкан. Мындан мурда, алар бул соттук жараянды "спектакль" катары эсептеп, отурумга попкорн алып келишкен.

Бирок Наргиз түрмөдө отурса да аракетсиз калган жок. Ал жана башка журналисттер адилетсиздикти жана түрмөдөгү катаал шарттарды документтештирүүнү улантышууда.

Наргизге жалгыз эмес экенин көрсөтүп, тез арада аны бошотууну талап кылыңыз.

## ПРЕЗИДЕНТКЕ КАТ ЖАЗЫҢЫЗ

Азербайжандын президентине кат жазыңыз. Наргиз Абсаламованы тез арада бошотууну жана ага коюлган бардык айыптарды алып салууну талап кылыңыз.

Басма сөз эркиндиги – бул   негизги адам укугу. Журналисттер эч качан өз ишин аткарганы үчүн жазаланбашы керек.

Кайрылуу: Урматтуу Президент
Э-почтасы: office@pa.gov.az
X: @Presidentaz
ИНСТАГРАМ: presidentaz
ХЭШТЕГС : #FreeNargiz

ДАРЕГИ:
Азербайжандын президенти
Илхам Алиевге
Азербайжандын президентик аппаратына
Истиклалият көчөсү 19
Баку AZ1066, Азербайжан

## ТИЛЕКТЕШТИК КАТЫН ЖӨНӨТҮҢҮЗ

Азербайжанда бийликтегилер Наргизге окшогон көз карандысыз журналисттердин оозун жабууда. Түрмөдө да ал жана кесиптештери  адилетсиздик тууралуу дайыма айтып келишет.

Наргизге тилектештик катын жөнөтүңүз. Ал поэзияны жакшы көрөт, андыктан ыр же бир куплет ыр саптары ага үмүт жана күч берет.

Э -почтасы:
Каттарды сканерден өткөзүп, бул дарекке жөнөтүңүз:
letterstonargiz@abzas.org

ХЭШТЕГС: #FreeNargiz #FreeAbzasMedia
X: @FreeAbzasMedia

Башкы беттеги сүрөт:Ульвия  Али жана Фаргана Новрузова
Арткы беттеги сүрөт: Фаргана Новрузова, Abzas Media

Индекс: EUR 55/0352/2025